# БААЛОО САЯСАТЫ

**Бишкек, 2021**

## Киришүү

«Мaариф» билим берүү комплексинин окуу планы - баалоо бардык окуу программалары боюнча белгилүү бир убакта жана белгилүү бир жол менен жүргүзүлүшүн талап кылат. Бул саясат баалоонун максатын аныктап, окуу жана окутуу үчүн баалоого карата мектептин философиясын түшүндүрөт.

## Баалоо программасын башкаруу

«Маариф» билим берүү комплекси баалоону окутуу жана окуу процессинин маанилүү компоненти катары тааныйт. Мектептин баалоо программасы окуу максаттарын колдоого жана окуу планы боюнча окуучулардын окуусун оптималдаштырууга багытталган.

«Маариф» билим берүү комплекси мектеп миссиясына ылайык баалоо процедураларынын системасын ишке ашырат. Кошумчалай кетсек, бул система билим берүүнү баалоо боюнча улуттук жана жергиликтүү документтерге шайкеш келет.

### А. Диагностикалык баалоо

Диагностикалык тест предметтин башында же бөлүмдүн/теманын башында берилет бул диагностикалык баалоо деп аталат. Бул баалоо окуучулардын мурунку билимдери боюнча маалыматтарды чогултуу үчүн колдонулат. Диагностикалык баалоо - бул окуучунун учурдагы билимин баалоочу жазуу жүзүндөгү суроолордун жыйындысы (бир нече тандоо же кыска жооп). Максаты - мугалимге жаңы предметтин мазмунун кантип үйрөтүү жана кандай окутуу ыкмасын колдонуу боюнча туура тандоо жасоого мүмкүндүк берүү менен, окуучунун азыркы учурда кандай - интеллектуалдык, эмоционалдык же идеологиялык жактан турган жерин жана даражасын аныктоо.

### Б. Формативдик (калыптандыруучу) баалоо

Ар түрдүү предметтер боюнча калыптандыруучу баалоо окуу жылы бою өткөрүлөт. Бул баалоо ыкмалары жана куралдары окутууну жакшыртуу үчүн

окуучулардын күчтүү жана алсыз жактары боюнча мугалимдерге жана окуучуларга кеңири пикир билдирүүнү максат кылат.

**B. Суммативдик баалоо**

Суммативдик баалоо окуучулардын жетишкендиктерин өлчөө менен байланышкан жетишүү деңгээлин баалоо үчүн колдонулат. Бул баалоо адатта бөлүмдөрдүн аягында, ошондой эле ар бир предмет боюнча чейректин, окуу мөөнөтүнүн аягында жүргүзүлөт.

**Баалоодогу күтүүлөр жана практикалар**

**I. Баалоо / Баа коюу**

“Маариф” билим берүү комплексинде окуучунун окуусу конкреттүү предметтин максаттарынын жана баалоо критерийлеринин негизинде өлчөнөт жана бааланат.

Окуучулар ар бир чейректе 100 балл топтоосу зарыл. Анын 80 баллы сабак процессиндеги предметтик билимдерине, долбоордук тапшрымаларга, текшерүү жумуштарына, жүрүш-турушуна коюлган формативдик жана суммативдик баалардын жыйындысынан *(40% предмет боюнча билимдери, 10% чейрек ичиндеги текшерүү жумуштары, 10% ар бир бала үчүн долбоордук тапршырма, 20% жүрүш-турушу, тарбиясы),* 20 баллы чейректик сынактын бааларынын жыйынтыгы түзөт (2-3-тиркеме).

Сабак процессинде жүргүзүлүүчү баалоону ар бир мугалим өзү иштеп чыгат. Предмет боюнча календалык-тематикалык планга жараша 60 баллды бөлүштүрөт (4-тиркеме). Ар бир сабактын өзгөчөлүгү эске алынат.

**II. Жазуу жана отчеттуулук**

Мектеп жетишкендиктерди документтештирүү жана окуучуларга да, ата-энелерге да адекваттуу анализ, пикир менен камсыз кылуу үчүн тийиштүү системаны түзүп, иштеп жатат.

**а.** Окуучулардын жетишкендиктери пайыздар жана тамга эквиваленти менен өлчөнөт жана атайын тиркеме аркылуу дайыма жазылып турат.

**б.** Негизги компоненттер боюнча окуучулардын жетишкендиктери да атайын тиркемеге жазылат. Отчеттук табелдердин басылган көчүрмөлөрү ар бир чейректин аягында ата-энелерге берилет.

**III. Үй тапшырма**

Окуучулардын окуусун баалоо үчүн ар кандай баалоо ыкмалары жана инструменттери зарыл болгондуктан, окуучуларга үй тапшырмалары берилет.

**IV.** Жергиликтүү окуу планындагы баалоону камсыз кылуу ички баа берүүнүн акыркы мөөнөтүнүн календары жергиликтүү талаптарга жооп берген предметтерди окутууга тартылган Мугалимдер менен биргеликте түзүлөт.

**V. Баалоо саясатын ишке ашыруу, баалоо жана карап чыгуу**

**Окуучунун Ролу/Жоопкерчилиги**

o Мектеп окуучулары мектептин баалоо саясаты - анын күтүүлөрү жана практикалары жөнүндө жакшы маалыматка ээ болушу керек жана окуу планы боюнча бардык баалоо талаптарына жооп бериши керек.

o Окуучу предметтик баалоо тапшырмаларын аткарып, долбоордук иштердин бардык аспектилеринде академиялык чынчылдыкты жигердүү түрдө аткарышы керек.

o Окуучу өз ишин баалоо жана ой жүгүртүү менен алектениши керек.

**Мугалимдин ролу/жоопкерчилиги**

o Мектептин мугалими окуучулардын билимин баалоо үчүн ар кандай баалоо ыкмаларын жана инструменттерин колдонушу керек. Алар калыптандыруучу баалоонун ар кандай түрлөрүн камтышы зарыл. Ички баалоо мугалимдер жана окуучулар менен биргеликте мектеп директору тарабынан түзүлгөн ички мөөнөт календарына ылайык жүргүзүлөт.

o Окутууну маалымдоо жана өркүндөтүү үчүн мугалим баа берүүнүн натыйжалары боюнча окуучуларга анализ берүүсү керек.

o Мугалим окуу программаларын тиешелүү түрдө жетектөө үчүн баалоо маалыматтарын талдап, чечмелеп бериши керек.

o Мугалим үзгүлтүксүз жана деталдуу жооп кайтаруу аркылуу окуучуларды баалоону маңыздуу чагылдырууга тийиш.

o Окуучулардын окуусун оптималдаштыруу үчүн баалоо процедураларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда мугалим биргелешкен пландоону жана ой жүгүртүүнү көрсөтүшү керек. Эгерде предметти окутууга бирден ашык мугалим катышса, анда предметтин планы биргелешип түзүлөт. Ошондой эле, мындай учурда, ички баалоону модерациялоо предметти

окутууга катышкан бардык мугалимдер тарабынан тиркемеге жөнөтүлгөнгө чейин болушу керек.

**Мектептин ролу**

o Мектеп баалоого байланышкан инструменттер жана стратегиялар жөнүндө жалпы түшүнүктү иштеп чыгуу үчүн жамааттын мүчөлөрүнө мектептин баалоо саясатын жеткирүү үчүн жооптуу болот.

o Мектеп өзүнүн баалоо саясаты дифференциациялоонун билим берүү принцибин камтышы жана баалоо процедураларынын ишенимдүү, адилеттүү жана бир жактуу тутумун ишке ашырууга кепилдик берет.

o Мектеп мугалимдер үчүн окуу планы боюнча эффективдүү баалоо практикасы жөнүндө билимге жана тажрыйбага ээ болуу үчүн кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздайт.

o Мектеп жыл сайын баалоо саясатын иштеп чыгууда, ишке ашырууда жана карап чыгууда биргелешип пландаштырууну жана ой жүгүртүүнү колдойт.

**1-тиркеме.**

**Баалоонун мазмуну**

| **Саясат бөлүгү** | **Мазмуну** |
|---|---|
| **Баалоо принциптери** | Баалоо окуучулардын жетишкендиктерин баалоого боло турган бардык ар кандай ыкмаларды камтыйт. Баалоо инструменттери тесттерди, экзамендерди, (кеңейтилген) практикалык иштерди, долбоорлорду, портфолиолорду жана оозеки презентацияларды камтышы мүмкүн, кээ бирлери узак убакыт бою жүргүзүлүп, кээде окуучунун мугалими тарабынан бекитилет. |
| | Диагностикалык баалоо бул окуучулардын өтүлгөн тема боюнча билген маалыматтарын чогултуу үчүн колдонулат. |
| | Формативдик (калыптандыруучу) баалоо окутууну жакшыртуу үчүн окуучулардын күчтүү жана алсыз жактары боюнча мугалимдерге жана окуучуларга кеңири анализ, пикир билдирүүгө багытталган баалоо. |

| | |
|---|---|
| | Суммативдик баалоо окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлин баалоо үчүн колдонулат. |
| | Мектептин баалоо саясаты мектеп философиясына, практикасына жана мектеп миссиясына шайкеш келет. |
| **Баалоодогу күтүүлөр жана практикалар** | |
| **Баалоо/<br>Баа коюю** | Баалоо саясаты окуучулардын окуусу конкреттүү предметтин максаттарынын жана баалоо критерийлеринин негизинде өлчөнө тургандыгын белгилейт. |
| **Жазуу/<br>Отчет** | Баалоо саясаты академиялык жетишкендиктерди документтештирүү жана окуучуларга да, ата-энелерге да кайтарым байланыштарды жеткирүү системасын түзөт жана ишке ашырат |
| **Үй-тапшырма** | Баалоо саясаты окуучулардын билимин баалоо үчүн ар кандай баалоо ыкмаларын жана инструменттерин колдонот. |
| **Баалоо саясатын ишке ашыруу, баалоо жана карап чыгуу** | |
| **Окуучунун ролу / Жоопкерчилиги** | Окуучу мектептин баалоо саясаты - анын күтүүлөрү жана практикалары жөнүндө жакшы маалыматка ээ болушу керек жана окуу планы боюнча бардык баалоо талаптарын аткарышы керек. |
| | Окуучу предметтик баалоо тапшырмаларын аткарып, курстук иштердин бардык аспектилеринде академиялык чынчылдыкты жигердүү түрдө аткарышы керек. |
| | Окуучу өз ишин баалоо жана ой жүгүртүү менен алектениши керек. |
| **Мугалимдин ролу /Жоопкерчилиги** | Мугалим окуучулардын окуусун үзгүлтүксүз жана натыйжалуу баалоо үчүн ар кандай баалоо ыкмаларын жана инструменттерин колдонушу керек. |

| | |
|---|---|
| | Мугалим окуучулардын билимин өркүндөтүү үчүн баалоо натыйжалары боюнча анализ, пикир билдирүүсү керек. |
| | Мугалим тийиштүү түрдө окуу программасын жетектөө үчүн баалоо маалыматтарын талдап, чечмелеп бериши керек.<br>Окуучулардын окуусун оптималдаштыруу максатында баалоо процедураларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда мугалим биргелешкен пландоону жана ой жүгүртүүнү көрсөтүшү керек. |
| | Мугалим окуучуларды өздөрүнүн иштерин баалоо боюнча ой жүгүртүүгө тартуу. |
| | Окуучулардын окуусун оптималдаштыруу максатында баалоо процедураларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда мугалим биргелешкен пландоону жана ой жүгүртүүнү көрсөтүшү керек. |
| **Мектептин ролу /Жоопкерчилиги** | Мектеп баалоого байланыштуу күтүүлөр жана практикалар жөнүндө жалпы түшүнүктү өнүктүрүү үчүн коомчулуктун мүчөлөрүнө өзүнүн баалоо саясатын жеткирүү үчүн жооптуу болот. |
| | Мектеп өзүнүн баалоо саясаты дифференциациялоонун билим берүү принцибине ээ болушун камсыздайт жана негизи баалоо процедураларынын ишенимдүү, адилеттүү жана бир жактуу системасын ишке ашырат. |
| | Мектеп мугалимдерге окуу программасы боюнча туура баалоо практикасы боюнча билимге жана тажрыйбага ээ болуу үчүн профессионалдык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууга тийиш. |
| | Мектеп актуалдуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн баалоо саясатын үзгүлтүксүз негизде иштеп чыгууда, ишке ашырууда жана карап чыгууда биргелешип пландаштырууну жана ой жүгүртүүнү колдойт. |

**2-тиркеме.**

**Баалоо системасы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А** | **5** | **85-100** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиктери предметтердин/тесттин/тапшырманын жарыяланган максаттарынан алда канча ашат жана окуучунун иши өзүнүн компетенттүүлүгүнүн жана/же инновациясынын жогорку деңгээли менен ырааттуу түрдө айырмаланат. |
| **Б** | **4** | **70-84,99** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиги курстун/тесттин/тапшырманын жарыяланган максаттарында күтүлгөндөн ашып кетет жана окуучунун иши көбүнчө түшүнүү, өнүктүрүү жана/же инновациялык эксперименттин өзгөчө тереңдиги менен мүнөздөлөт. |
| **В** | **3** | **55-69,99** | Окуучунун окуусу жана жетишкендиктери предмет боюнча жарыяланган максаттарга негизделген курстун /тесттин / тапшырманын минималдуу өтүү жетишкендиктери менен аткарылды. |
| **Г** | **2** | 45-54,99 | Курстун/тесттин/тапшырманын жарыяланган максаттарынын негизинде окуучунун окуусу жана жетишүүсү жетиштүү түрдө чечилген эмес же аткарылган эмес. |

**2-тиркеме**

## Окуу планындагы предметтердин баалоо системасы (2-11-класстар)

| *Окуу планындагы предметтердин баалоо системасы (2-11-класстар)* | | |
|---|---|---|
| ***Тамгалар менен баалоо*** | ***Балл менен*** | ***Беш баллдык система*** |
| А | 85-100 | **5** |
| Б | 70-84,99 | **4** |
| В | 55-69,99 | **3** |
| Г | 45-54,99 | **2** |

**3-тиркеме**

**Класстар боюнча бөлүнгөн чейректи жыйынтыктоочу категориялар**

**2-11-класстар үчүн**

| | |
|---|---|
| Предмет боюнча билимдери | 40% |
| Бөлүмдөр боюнча текшерүү жумуштары | 10% |
| Долбоордук тапшырмалар | 10% |
| Жүрүш-турушу, тарбиясы | 20% |
| Чейректик сынак | 20% |
| Балдардын сабакты калтыруусу | 1 күн сабакты себепсиз калтыруу жалпы баллды 20%га кыскартат |

*Эскертүү: 2-класстарга баалоо 2-чейректен башталат.*

**4-тиркеме**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

**Мугалимдин аты-жөнү:**
**Мугалимдин байланыш телефону:**

| № | Темалардын мазмуну<br>I-чейрек | Жалпы баллы | Алган баллы | Тапшырган күнү | Мугалимдин колу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Зат атооч | 5,7 | | | |
| 2 | Ат атооч | 5,7 | | | |
| 3 | Тактооч | 5,7 | | | |
| 4 | Сын атооч | 5,7 | | | |
| 5 | Жазуу жумуштары | 3,34% | | | |
| 6 | Сырдык сөз | 5,7 | | | |
| 7 | Төл сөз | 5,7 | | | |
| 8 | Жазуу жумуштары | 3,34% | | | |
| 9 | Бөтөн сөз | 5,8 | | | |
| 10 | Жазуу жумуштары | 3,34% | | | |
| 11 | Долбоордук тапшырма | 10% | | | |
| 12 | Жүрүш-турушу, тарбиясы | 20% | | | |
| 13 | Чейректик сынак | 20% | | | |
| **Жалпы жыйынтык баллы** | | **100 %** | | | |

**Окуучунун жетишүүсү:**

| | |
|---|---|
| **Чейректик баасы** | |
| **Чейректик сынак баасы** | |

**Окуу иштери боюнча**
**директордун орун басары:**